**«Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын курамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомдун долбооруна негиздеме-кат**

Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын курамында 12 мүчө бар, анын ичинен 1 мүчө саясий партиянын өкүлү («Ишеним»,) 11 мүчө – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан, Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын резервинде 4 адам турат, баардыгы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан.

Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөсү Адилов Анарбек Ташполотович Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын курамынан чыгаруу жөнүндө арызынын негизинде, Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын курамына төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталууда:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Адилов Анарбек Ташполотович комиссиянын курамынан чыгарылсын;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Назарова Раушан Абытовна резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

Бул өзгөртүүлөрдүн негизинде, шайлоо комиссиясынын курамында саясий партиялардан 1 өкүл, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан 11 өкүл болот. Резервде 3 адам турат, баары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынан көрсөтүлгөн.

Резервден шайлоо комиссиянын курамына киргизилген талапкер тууралуу кыскача маалымат:

Назарова Раушан Абытовна 14.03.1967-жылы туулган Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналат, билими жогорку, соц. фонд башкармалыгынын башкы адиси, соттуулугу жок.

Борбордук шайлоо комиссиясынын 21.02.2025-жылы №13 токтому менен Назарова Раушан Абытовна Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын резервине жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан киргизилген.

Назарова Раушан Абытовна шайлоо мыйзамдарынын ченемдеринин талаптарына ылайык келет.